**Зулпуев Ашим Зулпуевичтин "Жогорку окуу жайларында Манас таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери" деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

Кыргыз эли, узак тарыхында өз башынан ар кандай татаал турмушту кечирип, азап-тозоктун жүгүн көтөрүп келсе да, өзүнүн түгөнгүс руханий кенчин, байлыгын, казынасын сактап биздин күндөргө жеткизди. Ал руханий түгөнгүс кенч – "Манас" эпосу. Улуу эпос элибиздин кан-жаны менен бирге жаралып, эл башынан кечирген тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде көркөм сөз өнөрүнүн эң бийик чокусу болгон манасчылардын табият тартуулаган сырдуу талантынын, көп жылдык тажрыйбасынын аркасында калыптанып биздин күндөргө жетти. Эпос мезгил өткөн сайын улам такталып, толукталып, ашыкча жүктөрдөн бошонуп, кошумча-алымчалары менен идеалдуу абалына келди. Адам баласы чаалыгып-чарчаганда кубат берген кудуреттүү күч, өзгөчө бир ажайып дүйнө, түгөнгүс байлык, эпос учурду уникалдуу көркөм чыгармага айландырды. "Манас" үчилтигинде кыргыздын ата-бабаларынын кылымдар бою топтоштурулган коомдук адеп-ахлактык, руханий асыл нарктары, бийик гуманисттик идеялары, тарыхы менен үрп-адаты, салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүктөрү, эл аралык мамилелери, келечекке болгон үмүт-тилеги, умтулуулары, утопиялары менен фантазиялары көркөм чагылдырылган. Ошентсе да, мындай көөнөрбөс кенчти оозеки жомок катары айтчу доор аяктап, эми эпосту айтып, илимий жактан терең изилдеп, анын түпкүрүндө ачылбай жаткан катмарларды ачуу доору келди.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№........ «08» 02 ......2020ж/г

Манас таануу курсунун максаты менен милдети – эпосту ар тараптан изилдеп үйрөнүүгө студенттерди даярдоо. Эмгекте жогорку окуу жайларында Манас таануу курсун окутуунун объектиси – көркөм сөз өнөрүнүн туу чокусу, кыргыз элинин коомдук турмушунун энциклопедиялык жыйнагы, дүйнөлүк көчмөн цивилизациясынын кенчи, эпос чагылдырган доорлор, эпосто катышкан жүздөгөн каармандардын баатырдык иш-аракеттери, көркөм образдар дүйнөсү, поэтикасы тууралуу кенен маалымат берилген.

Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, 4 главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен уюштурулган.

Диссертациянын биринчи главасында көлөмү менен көркөмдүгү жагынан дүйнөлүк эпостордон бир топ эсе жогору турган “Манас” эпосу көптөгөн окумуштууларды, изилдөөчүлөрдү, ал тургай чет элдик илимпоздорду кызыктырып келгендиги, үчилтиктин өзөгүндө турмуштун чындыгы жана ошол чындыкка ынанган жашоонун жазылбаган мыйзамдары сыйдырылганы, ал мыйзамдар аны окуган ар бир адамдын көңүлүн буруп, кызыктырып, өзүнө тартып турарын, натыйжада, “Манас” эпосун изилдөө, азыркы убакка чейин бир топ этаптардын алкак-чегинде ар тараптан изилденип келе жаткандыгын, эпостун көлөмү учу-кыйыры көрүнбөгөн, аяк-башы бүтпөгөн өзүнчө бир чалкып жаткан океанга салыштырылгандыгы берилген.

Эпостун изилденишинин, жыйноо, жаздыруу, китеп түрүндө басып чыгаруу тарыхы жана аны ЖОЖдордо окуп-үйрөнүүнүн учурдагы абалы параграфынын 39-бетинде: “ Бул изилдөөлөрдүн бардыгында “Манас” эпосу баштаган кылымдар бою ооздон-оозго өтүп, бизге жеткен бир нече адабий мурастарды тарыхый окуяларга жана фактыларга кайрылып эл арасынан жыйноо, үйрөнүү, жайылтуу, бурмалабай өтө кылдаттык менен изилдөө, аны

кийинки урпактарга жеткирүү маселелерин козгогон милдеттер коюлган. Өзөгүнө байыркы тарыхты, этнографияны, философиялык ой-жорууларды, коомдук-саясий, географиялык, руханий, көркөм дөөлөт мурастарды камтыган элдик оозеки чыгармалардын башында турган чыгарманын үлгүсү болгон – "Манас" эпосу элдик чыгармалардын башаты болуп саналат", -деген ойду билдирген.

Диссертациянын 49-бетинде: "Окумуштуу кыргыз жомокчу-дастанчылары башка калктардын эпос жаратуучуларынан кескин айырмаланып, "Манас" эпосун музыкалык аспаптын коштоосуз өтө көрөсөңдүү кол жаңсоолор жана бай мимика менен аткарарын белгилейт. "Манас" эпосун айтып жатканда айтуучу-төкмө өзгөчө эргүү абалында болот. Угуучулардын реакциясы аны ого бетер козутуп, шыктандырып турат. Ошондуктан эпикалык чыгарманын текстин ушундай сеанстын учурунда жазып алыш керек. Лабораториялык шартта манасчыны жалгыз камап алып, эжелетип айттырып жаздырганда, айтуучу мазмунду жөнөкөй гана баяндап калат да, текст чыгармачылык менен күпүлдөп айткандагыдай эң сонун көркөм боектордон, кооз стилистикалык табылгалардан, бай добуштук инструментовкадан ажырап калат. Эпикалык чыгарманын стилин талдоо жомокчу эл алдында эргип ээн-жайкын айтып жатканда жазылып алынган тексттин негизинде жүргүзүлгөнү абзел"-деген, пикирди билдирүү менен "Манас" таануу илиминин сюжетине, жаралышына, аны айткан айтуучуларга карата изилдөөлөр дүйнөлүк деңгээлдеги адабият таануучулар, тарыхчылар, этнографтар, философтор, тилчилер педагогдор ж.б. тарабынан жүргүзүлүп келип, азыркы күндө да андай ар тараптуу изилдөөлөр улантылып жаткандыгын баса белгилеген.

Экинчи глава "Жогорку окуу жайларында Манас таануу курсун окутуу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору менен принциптери" деп аталып, салтка айланган методдорду (илимий-теориялык, анализ-синтез, практикалык-эмпирикалык, эксперименталдык жана статистикалык)

колдонуу менен илимий-теориялык методдун алкагында “Манас” таануу дисциплинасын Кыргызстандын ЖОЖдорунда окутуу, анын учурдагы абалы, “Манас” таануу курсунун мазмуну, талаптары, багыттары, түзүлүшү, изилдөө менен окуп-үйрөнүүнүн көйгөйлөрү, курсту окуп-үйрөнүүнүн өзгөчөлүктөрү, окуп-үйрөнүүнүн теориялык-методикалык өбөлгөлөрү, изилдөөнүн предмети, обьектиси, мазмуну, методдору, каражаттары ж.б. маселелерге байланыштуу нормативдик документтер, адабий-теориялык, илимий-методикалык эмгектер талдоого алынган.

Ошондой эле, экинчи главада изилдөөнүн обьекти, предмети жана изилдөөнүн материалдары, “Манас” таануу курсун окутуунун методдору, принциптери, формалары жана каражаттары, изилдөөнүн жана окуп-үйрөнүүнүн эксперименталдык методдору, анын жыйынтыктары, курс боюнча жүргүзүлгөн эксперименттик иштердин мазмуну, максат-милдеттери, жүргүзүлгөн эксперименттик иштердин жүрүшү жана жыйынтыктары көрсөтүлгөн.

Диссертациянын 102-бетинде: “Жогорку окуу жайларында “Манас” таануу дисциплинасын окутуу процессин уюштуруу да дал ушул жогоруда айтылган тартипте уюштурулушу зарыл. Албетте, оозеки чыгармалардын башында “Манас” эпосу турат, бирок анын өзөгүндө бардык кенже эпостордун, лирикалык жана дидактикалык чыгармалардын тизими жатат, башкача айтканда, турмуштук жана баатырдык эпостордун тең жарымын “Манас” үчилтигинен кездештирүүгө болот. Демек, студенттерди турмуштук жана баатырдык кенже эпостордун кыскача мазмуну менен тааныштырып, ал эми эпосторду башынан аягына чейин окуп келүүнү тапшырма катары берүү керек. ЖОЖдун окутуучусу “Манасты” окутууга киришүүдөн мурда, өтүлгөндөрдү кайталап, кенже эпосторду тааныштыруусу – үчилтикти окутууга өбөлгө боло алат” –деп, белгилөө менен эпикалык мурастарды окутуунун татаалдыгы ошол чыгармалардын көлөмүнүн чоңдугу, ирилиги, катышкан каармандарынын көптүгү менен баалуу экендигин ачып берген.

“Манас” таануу курсун изилдөөнүн жана окуп-үйрөнүүнүн эксперименталдык методдору жана анын жыйынтыктары параграфында “педагогикалык эксперимент” деген терминдик түшүнүктүн маанисин аныктаган. “Педагогикалык эксперимент”– окуу-тарбия иштери боюнча атайын түзүлгөн же изилдөөчү тарабынан көзөмөлдөнүп турган шарттагы илимий негизде жүргүзүлгөн тажрыйба, ал – педагогикалык кубулуштардын себеп-натыйжа байланыштарын үйрөнүү максатын көздөгөн изилдөөчүнүн ишмердүүлүгү экендигин айтып өткөн. Педагогикалык эксперимент өткөрүлүш шарты боюнча табигый (кадимки билим берүү процессинин шартында) жана лабораториялык атайын жасалма шарттарды түзүү, мисалы, бул же тигил методдун натыйжалуулугун текшерүү максатында айрым тарбиялануучуларды, окуучуларды же студенттерди башкалардан бөлүп алып көрсөтүү керектигин белгилеген. Ошону менен бирге, Республиканын жогорку окуу жайларында “Манас” таануу курсун окутуу боюнча жүргүзүлгөн эксперименттин учурунда байкалган педагогикалык бир катар жагдайларды эске алган.

“Манас” таануу предметин башка предметтер менен айкалыштырып окутуу маселелерине токтолгон, андан сырткары курсту окутууда мыкты натыйжа берген көркөм окуу, монолог айтуу, образдар системасын өздөштүрүү боюнча текшерүүчү жана эксперименталдык группалар аркылуу эксперименттик иштерди уюштурган.

Эксперименттин жалпы жыйынтыгы коюлган интерактивдүү окутуунун теориялык негиздерин практикада текшерүүгө мүмкүнчүлүк ачып берүү менен илимий иштин максаты жана милдеттери натыйжалуу ишке ашкандыгын, илимий божомолу туура чыккандыгын көрсөткөн.

Үчүнчү глава “Манас” таануу курсун заманбап технологиялар менен өркүндөтүүнүн методикасы” деп аталып, “Манас” таануу курсун окутуунун компоненттери, педагогикалык заманбап талаптары, окутуунун заманбап технологиялары жана жогорку окуу жайларындагы студенттерге Манастын

осуяттарын үйрөтүүнүн технологиялары деген эки параграфтан туруп, окутуунун методикалык жолдору иштелип чыккан.

3-главанын 226-бетинде "Манас" эпосунун өзөгүнөн ар кыл тема, ар түрдүү идея, ар кандай окуя биринин артынан бири улам ачылып жүрүп отурат, бирок аларды баш аламан айтылган ой деп айтууга болбойт. Алардын бардыгын бириктирип, жалпысына бирдей таандык болгон башкы тема – элдин эркиндиги, көз карандысыздыктан кутулуу үчүн болгон күрөш, четтен басып келген душмандардан Мекенди, эл-жерди коргоо, чын дили менен элге кызмат кылуу. Бир сөз менен айтканда идеясы – мекенчилдик.

Мекенчилдик деген сөз айтканга оңой болгону менен – инсандын дараметине, акыл-көрөңгөсүнө, адамдык дараметине жараша, андан – физикалык (кара күч), психикалык, эмоционалдык, руханий, этикалык, интеллектуалдык ж.б. көп жагдай-шарттарды басып өтүүгө, ошол узак жолдо бардык тоскоолдуктарды ылайыгына жараша мыктап чечүүнү талап кылган өтө бир өзгөчө орунда турган сөз. Мекенчилдик деген сөздүн көтөргөн жүгү абдан оор. Эгер анын өтөөсүнө чыкса – татымы таттуу. Улуттун кызыкчылыгын коргоо – бир эсе оор, түмөн түйшүктүү болсо, бир эсе эң бир сыймыктуу жана жоопкерчиликтүү милдет. Ошол милдетти ишке ашыруу – зор иштер менен талыкпаган эмгек менен жана да бийик кайратмандык менен гана ишке ашат"-деп, студенттерге атуулдук тарбия берүүнүн багыттарын ачып көрсөткөн.

Ошондой эле, аталган главада жети осуяттагы камтылган ой-түшүнүктөрдү мурдатан эле элибиз жогору баалап, ата-бабанын осуяты, калтырган ыйык, кымбат мурасы катары эсептеп, өз турмушунда дайым кеңири пайдаланып келгендиги, осуяттар улуттук идеологиянын негизгилеринин бири, адам баласынын инсан катары калыптануусунда улуттук нарк-насилди колдонуу менен элдик осуяттарды аткарууга, "Манас" эпосунун мазмунунда камтылган элге зарыл керек акыл-насааттардын чеги жети осуяттын алкагы менен эле чектелбестиги, түпкүлүгүндө жети осуят

эпостун башкы темасы-идеясы менен түздөн-түз байланышып, ошондогу камтылган ойду терендетип турарын камтып өткөн.

Төртүнчү глава "Манас" таануу курсун окутууда ээ болуучу компетенциялар жана курстун тарбиялык маани-маңызы" деген аталышта болуп, "Манас" таануу курсун окутуп жаткан окутуучуга коюлган талаптар жана студенттер ээ болуучу компетенциялар, аларга коюлуучу теориялык-практикалык талаптар, "Манас" таануу курсунан студенттер ээ болуучу компетенциялар жана аларга коюлуучу теориялык жана практикалык талаптар, студенттер ээ болуучу компетенцияларга жетүү үчүн билим-билгичтиктерге коюулуучу талаптар жана "Манас" таануудагы гуманисттик идеялар, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоодогу орду, милдети деген параграфтарды камтыган.

Ошондой эле, аталган главада билим берүүдөгү компетенттүүлүккө токтолуп, төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарган: "компетенттүүлүк" - билим берүүнүн натыйжасы, сабактын максаттарына жараша жетишилген ийгиликтер, үйрөнгөнүн бышыктоодон алынган натыйжалар, окуучунун өтүлгөн жаңы теманы ишмердик менен өздөштүрүүсү, түзүлгөн проблемалуу жагдайларды чече алуусу, теманы өз алдынча чыгармачылык менен креативдүү түрдө үйрөнүүсү жана ушулардын жыйынтыгында алынган ийгиликтердин жана топтолгон компетенциялардын реалдуу көрүнүшү.

Чындыгында, "компетенция" менен "компетенттүүлүк" билим-билгичтик жана машыккандыктан кыйла айырмаланып турат, ал үйрөнгөнүн турмуштук түрдүү чөйрөдө жана кырдаалдарда колдоно билүүсү аркылуу жүзөгө ашыруу ишмердигинин жыйындысы, стереотиптерди жеңе билүүсү, ой жүгүртүүсүнүн ийкемдүүлүгү, өз алдынча чечимге келе алуусу, эрктик сапаттарынын болуусу жана максат коюп алга умтулуусу шексиз.

4-главанын 229-бетинде: "Жаштарды тарбиялоодо окутуучу азыркы коомдук билим берүү механизминин кыймылдаткыч күчүнүн бир бөлүгү экендигин, демек ал биринчиден, өзүн алып жүрүүнү коомго

ылайыкташтырып, педагог деген бийик ысымды жогору коюшу керек деп өзүн-өзү жетектеп туруусу зарыл; экинчиден, жогорку билимдүүмүн деп, эле окууну, изденүүнү токтотуп койбостон, билимин такай тереңдетип туруусу керек, ал үчүн билимди жогорулатуучу курстарга, түрдүү семинар-тренингдерге катышып турушу зарыл; үчүнчүдөн, окутуучу үчүн ар бир студент баалуу болушу шарт, себеби студенттер коомдун толук кандуу жараны жана алардын өздөрүнүн ой-тилектери, мүдөөлөрү бар. Алар тартынбастан ой-пикирлерин ачык-айкын билдирүүгө, айтууга укуктуу, төртүнчүдөн, "студент үчүн менин сабагымдын пайдасы эмнеде?", "мен берген билимди ал турмушунда пайдалана алабы?" деген негизги эки чоң суроонун үстүндө иштеши зарыл; бешинчиден, билим берүүдөгү жаңы стандарттар менен таанышып, алардын негизинде өзүнүн ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө милдеттүү, бул үчүн чыгармачылык талап кылынат"-деген ойду айтып өткөн.

"Манас" таануу курсунан студенттер ээ болуучу компетенциялар жана аларга коюлуучу теориялык - практикалык талаптар параграфында "Манас" таануу курсун окуп-үйрөнүүнүн жыйынтыгында студенттер тиешелүү теориялык билимдерге жана практикалык машыгууларга ээ болуусу керектигин белгилеген. Алар: "Манас" эпосунун кыргыз элинин турмушунда ойногон тарыхый ролун далилдер менен бекемдеп айта билүүсү, эпостун рух дөөлөттөрүн, адеп-ыймандык нарктарын билиши, түшүнүшү жана аларды бүгүнкү күндөгү тарбия ишине керектигин, зарылдыгын аныктай алышы, өзүнүн жүрүм-турумунда, турмуштук кырдаалдарда колдоно алышы, эпостун эл оозунан жыйналуу, китеп болуп басылып чыгуу тарыхын, андагы кыйынчылыктарды фактыларга негизденип, бул жөнүндө аңгеме кура алышы, баяндама, реферат жаза билүүсү, жыйноочулардын ысымдарын, эмгек мээнеттерин билиши. "Манас" таануу илиминин тарыхый өнүгүшүнүн жолун, Манасты изилдеген Кыргызстандык жана чет өлкөлүк окумуштуулардын ысымдарын

жана алардын эмгектерин, алардын эпос туурасындагы айткан ой-пикирлерин жатка билиши, илимпоздорунун эмгектерине баа бере алышы, аларга рецензия же аннотация жаза алышы, изилдөөчүлөрдүн ой-корутундуларын, "Манас" эпосунда кездешкен сөздөрдү, "Манас" эпосунун сюжетин, анын негизинде ой жүгүртүү дил баянын, кыскача кара сөз менен эпостук сюжетти ырааттуу баяндап айта же жаза билиши, эпостун айрым жерлеринен таамай, учкул саптарды, образдуу сүрөттөөлөрдү, фразеологизмдерди, макал-ылакаптарды жатка айта билиши жана аларды өз сөзүндө практикалык түрдө колдоно алышы, көзү өткөн улуу жана бүгүнкү манасчылардын кыскача өмүр баяндарын, ири чоң манасчылардын манас айтуу өнөрүн, аларга акын-жазуучулардын, илимпоздордун берген бааларын, эпостун варианттарын билиши. Манасчы жөнүндө чыгармачылык портрет түзө алышы, "Манас" эпосу боюнча тартылган фильмдердин, сүрөттөрдүн, жазылган музыкалык, драмалык чыгармалардын, эпостун кара сөз варианттарынын мазмунунун авторлорун билиши, "Манас" эпосу жөнүндө буга чейин айтылган ой-пикирлерге таянган өзүнүн бирдиктүү бир жеке көз карашынын болушу жана улуттун улуу мурасы менен сыймыктана билиши керек деген теориялык билимдерге жетүү үчүн жогоруда саналган компетенцияларды киргизсе, практикалык машыгууларды төмөнкүчө бөлүштүргөн.

Жан дүйнөсүнө "Манас" эпосунун лексикалык байлыгын сиңирип, өз оюн таамай, көркөмдөп айта жана жаза билүү, эпостун сөз берметтерин өз сөздөрүндө колдонуу, көп улуттуу маданиятты түшүнүү, эл аралык чөйрөдө иштей, даяр илимий пикирлерди гана окуп үйрөнбөстөн, сын ой жүгүртүү, өз пикирин билдирүү, жыйынтык чыгара алуу, аргументтерди келтирип, талкуулай алуу, эки тарапты тең канааттандырган чечим кабыл алуу, жамаат, топ ичинде иштөө, ишти уюштуруу, жоопкерчиликтерди, ресурстарды бөлүштүрүү, маалымат менен өз алдынча иштей билүү, башкы мааниге ээ болгон маалыматты аныктай алуу, интернет булактары менен иштей алуу, демилгечил болуу, долбоорлорду иштеп чыгуу, чыгармачылык

менен жаңы идеяларды сунуштаган креативдүүлүк, максатка жетүүгө шыктануу, баштаган ишинин аягына чыгуу, өмүрүнүн бардык баскычтарында билимге умтулуу керектигин көрсөткөн.

Жогоруда санап өткөн компетенциялар менен талаптардын бардыгын бир кылка өздөштүрүп, аны баяндап айта билген окутуучу гана "Манас" таануу предметин тиешелүү деңгээлде бере алат, ал компетенцияларда белгиленген студенттердин алдына коюлган талаптар да курстун жыйынтыгында сөзсүз реалдуу ишке ашуусу шарт. Мугалимдин компетенттүүлүгү жана коомдун колдоосу болгондо гана мыкты педагог жаратман эмгектин бийиктиктерин багынта алат деген ойдобуз. Эң негизгиси, – жоопкерчиликти сезүү! – бул чыгармачыл окутуучунун устаканасындагы тынымсыз изденүүлөрдүн бир багыты гана болушу керек.

Изилдөөнүн корутунду-сунуштары ишенимдүү жасалган, алар коюлган милдеттердин чечилишине баш ийдирилген.

Зулпуев З.А.изилдөөгө жаңыча мамиле кылып, көтөрүлгөн бардык көйгөйлөрдү бүгүнкү күндүн талабына ылайык иштеп чыгууга жетишкен.

Илимий эмгек боюнча айрым бир сунуштарды айта кетсек:

1."Манас" эпосун окутууда сабакты интеграциялап предмет аралык байланышта үйрөтүү көйгөйлөрү учкай каралган. Ошондуктан аны тереңдетүүгө муктаж деген пикирдемин.

2.Диссертацияда айрым ойлордун кайталангандыгы кездешет.

Бул айтылгандар диссертациянын илимий-методикалык аппаратына, түзүлүшүнө, жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт. Диссертация өз алдынча аткарылган илимий-изилдөө иш катары саналат жана Зулпуев З.А. алдына койгон милдеттерин толук аткара алган деп эсептөөгө болот.

**Жыйынтыктап айтканда,** Зулпуев Ашим Зулпуевичтин "Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери"-деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун

теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, диссертациялык иши жана анын автореферати Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10. пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору Зулпуев З.А.аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы**
**Тил жана адабият институтунун**
**“Манас”, фольклор жана акындар**
**поэзиясы бөлүмүнүн**
**жетектөөчү илимий кызматкери,**
**филология илимдеринин доктору** **Орозова Г.Ж.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ